# Күүлөр эмнени баяндайт?



Автор: Мира Абдиметалиева

Сүрөтчү: Нурай Акматова

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Күүлөр эмнени баяндайт?

Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Нурай Акматова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021


Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*О чем говорят мелодии*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган.
CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Күүлөр эмнени баяндайт?" (кыргыз тилинде), автор Мира Абдиметалиева, сүрөтчү Нурай Акматова, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Кечээ мен үчүн өзгөчө күн болду. Атам мени музыкалык мектепке алып барды. Эми комуз черткенди үйрөнөм!

Мектепте Мурат агай менин ыргакты сезүү, эстеп калуу, кайра кайталап айтуу жөндөмүмдү текшерди. Уккан үндөрдү так өзүндөй кайталап берүүм керек эле. Мурат агай карандаш менен *та-ри-рара-ра* деген жеңил обонду тыкылдатты.

– Кайталай аласыңбы?

– Албетте. Та-ри-рара-ра!

– А мунучу. Та-ри-рара-ра-тари-ра-ра-ра-ра-трам-пам-пам! Трам-пам-пам! – деп узунураак обонду тыкылдатты.

– Кайталай алам го.

Тыкылдатып, окшобой калдыбы деп тынчсызданып, мугалимди карап койдум. Дагы бир канча жолу жеңил жана татаал ыргактарды кайталадым. Эми мени албайт го деп ойлоп, атамды карап койдум...

– Сен канча жаштасың, Мариям?

– Сегиздемин.

– Комуз гана черткиң келип жатабы?

– Ооба. Комуз эле үйрөнгүм келет.

– Жакшы. Угуу сезимиң жакшы экен. Аракет кылып көрсөң болот. Эгер жазылабыз десеңер, документиңерди тапшырсаңар болот.

Эртең мен биринчи сабакка катышам!

Комузга кызыгуум Жазгүл курбум экөөбүздүн Ютубдагы видеону көрүүбүздөн башталды. Биз Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюнунда миң комузчунун шаңдуу күүнү черткенин көрүп калдык. Ал кезде бул күүнүн "Маш ботой" деп аталарын деле билбептирмин.

Бир аз уккандан кийин, башка видеого которолу деп жатсак, Жазгүлдүн чоң энеси Асыл апа кирип калды. Ал компьютерде көп убакыт өткөргөнүбүздү анча жактырбайт. Бирок бул жолу ал бизге кошулуп күүнү угуп отурду. Анан музыканын ыргагы менен акырын термеле да баштады.





Миң комузчу бир күүнү бирдей чогуу чертип жатышты. Алдыда үч комузчу, калгандары узун катарларга тизилген. Баары бирдей улуттук үлгүдө кийинген. Бул музыканы укканда, кайсы бир мелдеште өзүм жеңип чыккандай болуп башкача толкундандым.

– Интернет деген жакшы нерсе турбайбы! Карасаң, бул жерде баары бар экен. Жада калса “Маш ботойду” да киргизип коюшуптур! – деди Асыл апа.

– "Маш ботой" деген эмнени билдирет?

– Күү "Маш ботой" деп аталат. Анын автору – улуу комузчу, чоң талант Атай Огомбаев. Ботой деген топтогу күүлөр эненин балага болгон чексиз мээрими менен байланышкан. Атай Огомбаедин күүсү ыкчам, шаңдуу чертилгендиктен, ушундай аталат, – деди апа.

– Аябай сонун экен. Бизге да жакты! – деп биз башыбызды ийкегилеп жибердик.

– Комуз күүлөрүнөн дагы койгулачы! – деди Асыл апа.

Жазгүл интернеттен "комуз" деп жазып, эң биринчи чыккан видеону тандады.

Бир туруп назик, бир туруп кайгылуу, бир туруп назик угулган күү жаңырды. Бир аз капалуудай сезилсе да, бул күүдөн көңүлүңдү буруп кете албайт экенсиң.

Асыл апаны карадым. Ал абдан берилип угуп отурган экен. Мен да кээде ойго чөмүлгөндө ушинтип отуруп калам.





– Апа, сиз бул музыканы укканда эмнени ойлоносуз?

– Эч нерсени деле ойлонгон жокмун. Жөн гана угам. Бул күү "Ак бакай" деп аталат. Автору Коргоол Досу уулу жаш кезинде бир кызды жакшы көрүп, бирок ага жетпей калган экен. Кыздын атын жашырып, күүнү "Ак бакай" деп атап койгон экен. Бул өтө уккулуктуу, кооз күү... Тизмеде дагы кайсы күү бар экен?

– "Кыргыз көчү". Коё берейинби? – деп сурады Жазгүл.

– Коё бер, – деди Асыл апа.

– Бул күү да сүйүү тууралуубу?

– "Кыргыз көчү" – кыргыздардын көчмөн доордогу жашоосун баяндаган күү. Кыздар, биздин ата-бабаларыбыздын көчмөн эл болгондугун билчү беленӊер?

– Билебиз, билебиз! Алар боз үйдө жашап, мал багып, бээ саап, кымыз жасашчу.

– Туура! Эмесе, көӊүл коюп уккула! Күү жай, шашпай башталып, жанга жагымдуу, тааныш угулат. Мен аны сыналгынын биринчи каналынан көп жолу уккам.

Кана, бул күү силерге эмнени айтып берди?

Биз ойлонуп калдык.

– Тоолор жөнүндө окшойт. Былтыр биз тоого чыкканбыз. Атамдын досу жайында Америкадан келип, ушул күүнү угузууну суранган эле. Ошондо биз тоолорду аралап баратып, бул күүнү кайра-кайра укканбыз.

– Апа, сиз бул күүнү укканда эмнени элестеттиңиз? – деп сурады Жазгүл.

– Бул күүнү укканда төө же жылкы минип, алдына жаш балдарды өңөрүп келе жаткан ак элечекчен салабаттуу байбичелерди элестетем. Чачын беш көкүл кылып өрүп, ат минген кызыл жүздүү кыздар көз алдыма тартылат. Жигиттер аттардын чылбырынан алып, жетелеп келе жатышат. Күн чайыттай ачык. Убакыт ушул күүдөгүдөй болуп, жай же бат өтүп жаткандай туюлат.

– Мунун баарын сиз кантип көрдүңүз, апа? Же сиз да мурда көчүп көрдүңүз беле?

– Жок, кызым. Мен кийинчерээк төрөлгөм. Менин ата-энем да жайлоодо жашабаптыр, – деди Асыл апа күлүп.

– Анан сиз көчтү кантип элестеттиңиз?





Кийинки күү өтө элпек жана шаңдуу сезилди. Бул Руслан Жумабаевдин "Эрке сары" күүсү. Биз Жазгүл экөөбүз бул күүнү чыгарган комузчунун кичинекей, сапсары, аябай эрке баласы бар экен деп божомолдодук. Баласы уйкуга кеткенде, ага арнап ушул күүнү чыгарган го дедик. Асыл апа бизге күлүп:

– Силердин оюңар укмуш го, кыздар, – деп койду. – Ким билет, балким, ошондой да болсо керек. Күү жан дүйнөңдү эргитет.

Ар бир күүнүн өзүнүн тарыхы, баяны бар. Себеби, күүлөр бардыгына түшүнүктүү жазылган да. Бул күүлөр биздин мурасыбыз, биздин байлыгыбыз болуп саналат.



– Өзүнүн баянын комуз менен кантип айтып берсе болот?

– Аны үйрөнүш керек. Музыкалык мектепте ноталарды таанытып, ар кандай аспаптарда: пианинодо, комузда, скрипкада, барабанда, саксафондо ойногонду үйрөтөт.

– Демек, ар кайсы аспаптарда ойнолгон күүлөр өзүнүн тарыхын айтат турбайбы, ээ?

– Жакшы суроолорду бердиңер. Кыязы, келечекте силер журналист болот окшойсуңар! – деди Асыл апа бизге ыраазы болуп.

– Мен чын эле журналист же теле алып баруучу болгум келет, – деди Жазгүл.

– А сенчи, Мариям, кайсы кесипти жактырасың?

– Билбейм. Бирок мен комуз менен бир баянды айтып көргөнгө аракет кылам!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ


Автор: Мира Абдиметалиева
Сүрөтчү: Нурай Акматова
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев



USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли